«Бишкек инновациялык колледжи» мекемеси

# Билим берүү кызматтарынын сапатына мониторинг жүргүзүү боюнча отчету

Бишкек - 2024г.

**Мөөнөтү:** 2023-жылдын октябрь айынын, февралга чейин.

**Анонимдүү сурамжылоонун жыйынтыктарын изилдөөнүн максаты:**

Сапат менеджмент системасын талдоо үчүн объективдүү маалыматтардын толуктугун камсыз кылуу жана негиздүү кылуу билим берүү процессин жакшыртуу боюнча башкаруу чечимдери;

- Билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатуу;
- Колледж менен иш берүүчүлөрдүн ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн деңгээлин жогорулатуу;
- Студенттердин окутуунун сапатына канааттануу деңгээлин аныктоо, ошондой эле колледждин окуу процессин жана тарбиялоо иштерин уюштуруудагы күчтүү жана алсыз жактарын аныктоо;
- Студенттердин ата-энелеринин окуу процессине канааттануу деңгээлин жана колледждин кызматкерлеринин иштөө шарттарынын уюштурулушун аныктоо.

1.10.2021-жылдын "БИК" мекемесинин мониторинг жүргүзүү жана сабактарга катышуу жөнүндө жобонун негизинде, колледждин 2023-2024-окуу жылына карата сапаттык менеджментинин системасынын иш планына ылайык, окуу бөлүмүнүн рапортунун негизинде студенттеринин арасында анонимдүү сурамжылоо жүргүзүү, ошондой эле керектөөчүлөрдүн/кызыкдар тараптардын билим берүү кызматтарынын сапатына канааттануусун баалоого мониторинг жүргүзүү үчүн төмөнкү курамда комиссиясы баалоо иштерин алып баруу жөнүндө, колледждин директорунун 2024-жылдын 5- февралынын №4-н "Комиссия түзүүжөнүндө" буйругу чыккан.

1. Айтмолдоева Лилия Таалайбековна – комиссиянын төрайымы, билим берүү жана иштин сапатын көзөмөлдөө бөлүм;
2. Мамаева Назира Ысмаиловна – комиссиянын мүчөсү, директордун тарбия иштери боюнча орун басары;
3. Тагаева Гулзат Аликовна – жалпы билим берүү секторунун башчысы;
4. Атакулова Замира Мамасалиевна – гум-экономикалык секторунун башчысы;
5. Ниязалиев Бектур Маратович – инженер – программист;

Сурамжылоо мониторинг жүргүзүү жана сабактарга катышуу жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлгөн.

**Маалымат чогултуу ыкмасы:**

- суроо берүү (сурамжылоо (анкета));
- изилдөөнү уюштурууда жана өткөрүүдө сурамжылоо барагын таратуу жана электрондук (ссылка) ыкмалары колдонулган

**Сурамжылоо төмөнкү этаптарды камтыйт:**

- катышуучуларды сурамжылоону пландаштыруу;
- сурамжылоо барагын жана электрондук вариантын иштеп чыгуу;
- сурамжылоо;
- натыйжаларды иштеп чыгуу;
- натыйжаларды жана сунуштарды талдоо.

**Сурамжылоого (респондент) катышкандардын саны:**

Сурамжылоонун жүрүшүндө төмөндөгүлөр катышкан:

- студенттер- 749;

Колледждеги билим берүү кызматтарынын сапатына керектөөчүлөрдүн канааттануусун баалоого мониторинг жүргүзүү жөнүндө жобого ылайык, сурамжылоо (анкета)


жүргүзүүдө төмөнкү формалары колдонулду (тиркелет):
I. Студенттердин окуу шарттарына канааттануусу боюнча анкета.
II. Окутуучулар курамынын билим берүүсүнө баа берүү анкетасы
III. Иш берүүчүнүн канааттануусун баалоонун анкетасы

**I. Студенттердин окуу шарттарына канааттануусунун сурамжылоонун жыйынтыгы.**


Студенттердин канааттануусунун жыйынтыгынын негизинде позитивдүү деп эсептесе болот. Көптөгөн студенттер (81%) балдардын окуусундагы жетишкендиктерди акыйкаттуу баалайт экенин белгилешти.




89% студенттер материалдык- техникалык базага канааттанышат.





88% студенттер администрация менен байланышуу оной экенин белгилешти.




**Көпчүлүк студенттер туура жана так маалыматты колледждин сайтынан, ватсап тайпаларынан, сектор башчыларынан алып турушат жана 98% студенттер белгилешти.**





**Окуу процессинин уюштурулушу 85 % студенттерди канааттандырат.**





**Окуу жайда өткөрүлүп жаткан иш-чаралар кызыктуу жана пайдалуу деп эсептешет.**


6.Удовлетворены ли качеством обучения в колледже?
100
80
60
40
20
0
удовлетворен(а)
частично удовлетворен(а)
неудовлетворен(а)


7.Удовлетворяют ли условия в столовой
100
80
60
40
20
0
удовлетворен(а)
частично удовлетворен(а)
неудовлетворен(а)


8.Часто ли вы посещаете библиотеку нашего колледжа, университета?
100
80
60
40
20
0
удовлетворен(а)
частично удовлетворен(а)
неудовлетворен(а)





Студенттердин окуу шартына канааттануусунун жыйынтыгы жалпысынан студенттердин канааттангандыгын көрсөтүп турат. Колледже инновациялык технологиялар менен окутуу процесстери жана сабактар өз алдынча ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, эркин талкулоого, студенттердин чыгармачылык потенциалын ишке ашырууга көндүмөдүрүнө ээ болуп жаткандыктарын белгилешкен. Окуу процессинин деңгээлине болгон канааттангандыгын көрүүгө болот. Окуу процессине канааттануусуна баа берүү менен студенттер сунуш кылган:


- теорияга салыштырмалуу практикалык сабактардын санын көбөйтүү;
- мугалимдердин ар бир студенттерге жекече мамилеси;
- персоналдык компьютерлердин жеткиликтүү болуусу

## II. Окутуучулар курамынын билим берүүсүнө баа берүүсүн сурамжылоонун жыйынтыгы.

Анкетанын жыйынтыгын кароодо статистикалык методдор сандык жана сапаттык факторлор боюнча топтолду. Андан соң сандык фактор боюнча топ көрсөтүлдү, б.а. курстар боюнча окутуучулардын иштерине жалпы баалоо болду.







**1 жана 2 курстардын көпчүлүгү окутуучулардын эмгегин 5 баллга, ал эми 3 курстардын студенттери 4 баллга баалады.**


**Анкетанын жыйынтыгы мүнөздүү озгөчөлүктөрү тобу боюнча диаграммада көрсөтүлдү:**




Сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, 1 жана 2 курстардын студенттери окутуучулардын аларга болгон мамилелерине ыраазы экенин белгилешти. Демек, колледждин окутуучулары көп жылдык педагогикалык ишмердүүлүгү жана студенттер менен иш алып барууда тажрыйбасы көп экенине байланыштуу экенини айгинелейт. Ошондой эле, көптөгөн студенттер мугалимдердин материалдардын мазмунун жакшы билүүсүн, убакытты туура колдонуусун, туура жүрүм-турумун жана активдүү студенттерге дем берип кызыктырууларын белгилешти.

2 курстун студенттери мугалимдер дисциплинанын мазмунуна кызыктыруусун, пунктуалдуулук жана сабактан тышкары жеткиликтүү экенин белгилеп кетишти. Бирок кээ бир студенттердин ою боюнча математика жана дене тарбия мугалимдери Стамбаева М.Ш., Байсырахманов И.Д. өздөрүнө тартуу жөндөмдүүлүктөрү жана достук мамиле түзүү жок экенин айнигелешти. 1,2 курстардын студенттеринен айырмаланып, 3 курстар көпчүлүк окуттуучуларга нааразы. Алар кээ бир мугалимдер көп учурда башка темаларга алаксып, материалдарды толук жеткирүүгө жетишпей калышат деп эсептешет.

## III. Иш берүүчүнүн канааттануусун баалоонун сурамжылоосунун жыйынтыгы.




Ошентип алынган жыйынтыктарды эске алуу менен студенттердин билим сапатына иш берүүчүлөр тарабынан канааттануу жакшы деңгээлде деп жыйынтык чыгарылды.

Теориялык, практикалык даярдыктын деңгээли, коллективде иштөө, эмгек тартиби, баарлашуу маданияты, өз алдынча чечим кабыл алуу жөндөмү сыяктуу критерийлерге, иш берүүчүлөр тарабынан жакшы деп бааланды.

Сурамжылоонун натыйжасында иш берүүчүлөр жогорудагы критерийлер боюнча сунуш беришти:

- практиканы уюштурууну жакшыртуу;
- окуу процессине жумуш берүүчүнү тартуу;
- практика өтүүчү мекемелерге алдын ала экскурсияларды уюштуруу;
- тажрыйба алуу үчүн практикалык тапшырмаларга көбүрөөк көңүл буруу;
- өнөктөштөр менен интенсивдүү иш жүргүзүүнү уюштуруу.

**"БИК" мекемесинин билим берүү кызматтарынын сапатына респонденттердин канааттануусун баалоону мониторингинин жалпы жыйынтыктары**

Сурамжылоонун натыйжаларын талдоо студенттердин окуу процессине канааттануу деңгээлин баалоо мүмкүндүк берди;

- жаш адистерди
- студенттерди, бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаты менен иш берүүчүлөр;
- колледждин кызматкерлерин уюштуруунун сапаты, эмгек шарты боюнча жалпысынан жакшы жыйынтыкка келишет.

Колледждин окуу процессинин сапатынын натыйжаларын жакшыртуу үчүн алдын алуучу чаралар катары кызыктар тараптардын канааттануусун баллоо мониторингинин жогоруда айтылган бардык натыйжаларын эске алуу менен төмөндөгүлөр сунушталат:

- жогорудагы критерийлер боюнча тиешелүү иштерди жүргүзүү жана күчөтүү;
- жыйынтыктарды салыштыруу жана анын жыйынтыктыгы боюнча тиешелүү чараларды көрүү үчүн жыл сайын ушундай анонимдүү сурамжылоолорду өткөрүп туруу;
- колледждин материалдык-техникалык базасын дагы күчөтүү;
- спорт залды жана спорт аянтчасын уюштуруу;
- колледждин кызматкерлери үчүн эс алуу бөлмөлөрүн уюштуруу (кошумча аудитория)

Билим берүү жана иштин сапатын
көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы — Айтмолдоева Л.Т.